**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МИЛИЦИЯНЫН ГЕНЕРАЛ-МАЙОРУ Э.А. АЛИЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН АКАДЕМИЯСЫ**

Д 12.19.592 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
*УДК 341.16(575.2)(043.3)*

**Тынаева Назгуль Талантбековна**

# ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН МАКАМЫ ЖАНА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ: ЭЛ АРАЛЫК – УКУКТУК АСПЕКТИ

12.00.10 – эл аралык укугу; европа укугу

юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек 2021**

Диссертациялык иш Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин эл аралык укук жана дүйнөлүк саясат кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | **Дмитриенко Ирина Анатольевна,** юридика илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин проректору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Сабитова Айнур Алимхановна,** юридика илимдеринин доктору, профессор, Сорбонна-Казахстан институтунун директору |
| | **Мамытова Аида Токтокучуковна,** юридика илимдеринин кандидаты, генерал-лейтенант Дж.Асанкулов атындагы коомдук фонддун юристи |
| **Жетектоочү уюм:** | аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин эл аралык укук кафедрасы, дареги: Алматы шаары, аль – Фараби көчөсү, 71 |

Диссертация 2021-жылдын 28-июнунда саат 10.00до Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана Милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин академиясынын алдындагы юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 12.19.592 диссертациялык кеңештин отурумунда корголот, дареги: Бишкек шаары, Чүй пр., 180 а. конференц-зал (ауд. 412).

Диссертация менен Кыргыз мамлекеттик юридикалык университеттин дареги: 720001, Бишкек ш., Чүй пр. 180а жана Милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин академиясынын дареги: 720083, Бишкек ш., Ч.Валиханов көч. 1а илимий китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин http://www.ksla.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын «27» - майында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, ю.и.к** **Анаркулова, Э.С.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Шанхай Кызматташтык Уюмунун (мындан ары ШКУ же Уюм) макамы жана ишмердүүлүгүнүн эл аралык укуктук аспектилерин изилдөөнүн актуалдуулугу эл аралык уюмдардын Борбор Азияда гана эмес, бүткүл дүйнө жүзүндө ролу жогорулагандыгы менен шартталган. Мамлекеттердин өз ара көз карандылыгынын өсүшү, регионалдык интеграциялык процесстердин бекемделиши, жалпы, трансчегаралык мүнөздөгү көптөгөн көйгөйлөрдү чечүү көп тараптуу механизмдер аркылуу жамааттык күч-аракеттер менен гана мүмкүн.

Мындай биргелешүүнүн Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы приоритеттүү максаты - эл аралык укуктук ченемдеринин жана принциптеринин негизинде, ШКУнун алкагында мамлекеттер аралык мамилелерди өнүктүрүүнү камсыз кылуу. Ушуга байланыштуу, ШКУга мүчө мамлекеттердин иш-аракеттеринин негизги аспектилери тынчтыкты жана коопсуздукту жана туруктуулукту, саясий, экономикалык, энергетикалык жана өз ара аракеттенүүнүн башка чөйрөлөрүн камсыз кылууга салым кошуу болуп саналат. ШКУнун мындан аркы өнүгүү келечеги концептуалдык мааниге ээ болууда. ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосундагы кызматташуунун көрсөтүлгөн контексти, ШКУнун көп тараптуу кызматташуу формасы бар (саясий, экономикалык, маданият-гуманитардык, коопсуздукту камсыздоо ж.б.) уюм катары маанилүү аспектиси болуп саналат, бул ШКУнун макамына жана келечектеги иш-аракеттерине таасирин тийгизет.

Өзүнүн потенциалы боюнча ШКУ мамлекеттердин ири аймактык көп тараптуу бирикмелерине кирет: ШКУга мүчө мамлекеттер – Казакстан Республикасы, Кытай Эл Республикасы, Кыргыз Республикасы, Орусия Федерациясы, Тажикстан Республикасы жана Өзбекстан Республикасы, ал эми 2017-жылдын 9-июнунан тартып Индия Республикасы менен Пакистан Республикасы ШКУга толук кандуу мүчө болуп киришкен. Ошондуктан, Шанхай кызматташтык уюмунун ишмердүүлүгүн изилдөө актуалдуулугу ага уюмдун негизги катышуучулары жана жаңы мүчөлөрү - Түштүк Азия өлкөлөрү: Индия Республикасынын жана Пакистан Республикасынын катышуусу менен аныкталат. Бул мамлекеттердин ШКУга негизги мүчө болуп кириши ШКУнун ишмердүүлүгүндө тарыхый окуя болуп калды.

Ошол себептен, теманын актуалдуулугу ШКУнун эл аралык укуктун субъектиси катары жакында эле пайда болгонуна карабастан, ал дүйнөдөгү таасирдүү жана өнүгүп келе жаткан уюмга айланды десек жаңылышпайбыз. Жыйырма жылдын ичинде ШКУ жалпы көйгөйлөргө, чакырыктарга жана коркунучтарга каршы келип чыккан ар кандай мамлекеттердин биргелешкен цивилизациялык аракеттеринин оң тажрыйбасын көрсөттү. ШКУнун ишмердүүлүгү башка мамлекеттерге жана уюмдарга каршы багытталбай, теңчилик, өнөктөштүк, маданий жана цивилизациялык ар түрдүүлүктү урматтоо принциптерине негизделген аймактык өз ара аракеттенүү көйгөйлөрүн жамааттык чечимдердин актуалдуулугун жана натыйжалуулугун тастыктайт.

Азыркы учурда Борбордук Азияда аймактык көйгөйлөргө, анын ичинде сууну пайдалануу, энергетика, миграция процесстери, чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо, террористтик жана баңги коркунучтарына каршы туруу сыяктуу суроолорго бирдиктүү мамиленин жоктугу, мамлекеттердин тышкы саясий кызыкчылыктарында дал келбестик байкалат. Ошол себептен, Кыргыз Республикасы аймактагы эл аралык процесстердин башка катышуучуларынын кызыкчылыктарын эске албай койбойт, бирок ал өзүнүн улуттук кызыкчылыктарын ачык жарыялашы керек. Ушунун негизинде, Кыргыз Республикасы бул таризде бардык көйгөйлөрдү ачык жана объективдүү кароого мүмкүндүк берген Борбордук Азиядагы ачык аянтчаны түзүүнү жактайт [Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук Концепциясы. (Кырг. Респ. Президентинин жарлыгы менен 2012-жылдын 9-июнунда бекитилген № 120)

[Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайты. - кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/61367].

Мындай өз ара кызматташуунун маанилүү аянтчаларынын бири Шанхай кызматташтык уюмун эсептейбиз. Андыктан, ШКУнун макамын, ишмердүүлүгүн жана анын мүчө-мамлекеттеринин стратегиялык кызматташуу багытын илимий изилдөөдө ШКУнун ишинин потенциалын жана аракетинин жыйынтыгын Борбордук Азиядагы жалпы интеграциялык процесстердин алкагында гана эмес, Түштүк Азиядагы ШКУнун ордун илимий баамдоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Саясий, тарыхый жана юридика илимдеринде ШКУ боюнча айрым материалдар пайда болгонуна карабастан, каралып жаткан маселени изилдөө - юридика илиминдеги ШКУ алкагындагы ар тараптуу кызматташтыгын изилдөөгө арналган диссертация деңгээлинде илимий изилдөөлөр, айрыкча Кыргыз Республикасында жокко эсе. Диссертацияда изилдөөгө алынып жаткан комплекстүү маселелерге илимий укуктук талдоо жүргүзүү, практикалык маанидеги тыянактарды чыгаруу - учурдун талабы деп айтууга толук негиз бар.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен болгон байланышы.** Бул диссертациялык изилдөө демилгелүү болуп эсептелинет.

**Диссертациялык иштин максаты** ШКУнун жаңы курамындагы макамын жана ишмердүүлүгүнүн эл аралык укуктук аспектилерине ар тараптуу талдоо жүргүзүү, өнүгүү тенденцияларын аныктоо жана ШКУнун алкагында эл аралык мамилелерди өнүктүрүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгуу.

Алдыга коюлган максатка ылайык, изилдөөнүн маселелери төмөнкүчө:

- ШКУнун пайда болуу тарыхын жана түзүлүшүнүн өбөлгөлөрүн талдоо;
- уюмдун ишмердүүлүгүнүн конвенциялык негизин карап чыгуу;
- уюмдун түзүмүн, ШКУнун ар бир түзүмдүк органына жүктөлгөн милдеттерди жана максаттарды талдоо;
- ШКУнун алкагында кызматташуунун негизги багыттарын талдоо;
- коопсуздук жаатында ШКУга мүчө мамлекеттердин өз ара аракеттенүүсүнүн эл аралык укуктук аспектилерин изилдөө;
- Шанхай кызматташтык уюмун «Шанхай сегизи» катары андан ары өнүктүрүүнүн мүмкүн болгон келечегин аныктоо.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Изилдөөнүн илимий жаңылыгы көйгөйдү карап чыгуу жана мурда атайын бирдиктүү илимий талдоонун предмети болбогон бир катар маселелерди кароо менен аныкталат.

Бул илимий эмгек ШКУнун эки жаңы мүчөсү – Индия Республикасынын жана Пакистан Республикасынын кирүүсү менен эл аралык регионалдык уюм катары ишмердүүлүгүнүн макамын жана эл аралык укуктук аспектилерин ар тараптуу укуктук изилдөөгө жасалган биринчилерден болгон аракет болуп саналат. Ал колдо болгон маалыматтарды тутумдаштырууну, ШКУнун ишмердүүлүгүнүн ченемдик укуктук базасын жана ички уюштуруу механизмдерин, анын институционалдык өнүгүү процесстерин, ШКУнун «Чоң сегиздик» катары принциптерин жана ал түзгөн регионалдык кызматташтыктын жаңы моделинин өзгөчөлүктөрүн талдоону колго алды.

Жалпысынан ШКУнун уюштуруу-укуктук негиздерин ар тараптуу изилдөө тандалган теманын жана изилдөө предметинин актуалдуулугун жана практикалык маанисин тастыктайт.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** теманын актуалдуулугу менен алдын-ала аныкталган жана диссертацияда баяндалган негизги жоболорду, корутундуларды жана сунуштарды мүчө мамлекеттер, ошондой эле ШКУ органдары эл аралык укуктук ченемдерди түзүүдө жана ШКУнун алкагында мамлекеттер аралык кызматташуунун ар кандай багыттарын укуктук жөнгө салуу механизмдерин өркүндөтүүдө колдонушу мүмкүн.

Диссертациянын материалдары эл аралык укук боюнча университеттерде лекцияларды окууда жана семинарларды өткөрүүдө билим берүү процессинде колдонула тургандыгына жана чыгарылган корутундуларды Борбордук Азия аймагынын заманбап көйгөйлөрү боюнча илимий изилдөөлөрдө жана тышкы иштер министрликтеринин практикалык иштеринде колдоно алат.

**Диссертациянын жактоого чыгарылган негизги жоболору:**

Өткөрүлгөн изилдөөдө диссертациялык изилдөөнүн жаңылыгын чагылдырган төмөнкүдөй негизги корутундуларды жана жоболорду коргоого сунуш кылынды:

1. Жаңы курамдагы Шанхай Кызматташтык Уюмунун макамы мамлекеттер аралык регионалдык уюм катары теориялык жактан негизделген. Шанхай Кызматташтык Уюмунун укуктук мүнөзүнө анализ берилген, ушул уюмдун алкагында мамлекеттердин биригишинин өзгөчөлүгү ачылып көрсөтүлгөн.

2. Шанхай Кызматташтык Уюмунун түзүлүшүн жана өнүгүшүн изилдөөдө, Шанхай кызматташтык уюмунун «Шанхай сегизи» катары өнүгүүсүнүн жаңы (бешинчи) баскычы сунушталды.

3. ШКУнун ишмердүүлүгүн талдоонун негизинде, ШКУ институттардын интенсивдүү калыптанышында жана өнүгүүсүндө сөз тапкан кеңири компетенттүүлүктүн эл аралык уюму катары тез өнүгүп жатат, ошондой эле Уюмдун алкагында мамлекеттердин өз ара аракеттенүүсүнүн ар кандай багыттагы иш-аракеттердин ченемдик укуктук базасын (конвенциялык негизин) иштеп чыгууда деген тыянак чыгарылган.

4. ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыкты талдоонун негизинде, бул чөйрөнүн эбегейсиз чон потенциалы бар экендигин, атап айтканда, экономикалык байланыштарды кеңейтүү үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр бар экендигин белгилей кетүү керек. Уюмдун алкагындагы кызматташуу процессине байкоо жүргүзүп, катышуучу өлкөлөр бардык болгон нерселерди активдештиргендигин жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратып жаткандыгы аргументтелет.

5. Изденүүчү «Шанхай Руху» ШКУ мамлекеттеринин ортосундагы маданий-гуманитардык кызматташтыкты кеңейтүүдө маанилүү ролду ойнойт деп эсептейт. Мүчө өлкөлөрдүн ортосундагы саясий диалогду, саясий- экономикалык байланыштарды чыңдоо менен катар, искусство жана билим берүү жаатында кызматташууга өзгөчө көңүл бурулуш керек экендигин аргументтейт.

6. Келечектеги регионалдык энергетикалык стратегиянын милдеттүү бөлүгү катары альтернативдүү энергия булактарын колдонуу көйгөйү ШКУга мүчө мамлекеттер менен кызматташууга мүмкүндүк берээри негизделген.

7. ШКУ тарабынан коопсуздук жаатындагы эл аралык регионалдык уюм катары өзгөчөлүктөрү жөнүндө корутундусун негиздейт. ШКУнун уюштуруу механизмдери жана ченемдик укуктук базасы мамлекеттердин мүнөзүнө ээ болбогон жаңы чакырыктарга жана коопсуздук коркунучтарга каршы туруу боюнча мамлекеттердин аймактык өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылууга багытталгандыгында турат: - терроризм, сепаратизм (жикчилдик), экстремизм, баңги заттарынын мыйзамсыз жүгүртүлүшү жана башка трансчегаралык кылмыш иш-аракеттери сыяктуу укук бузуулар менен күрөшүү.

ШКУнун терроризмге каршы конвенциясына «биотерроризм» түшүнүгүн киргизүү сунушталды. «Биотерроризм» аныктамасына карата автордук позиция иштелип чыккан: бул терроризмдин бир түрү, ал уюмдун же саясий бирикменин саясий, жана башка максаттарга жетүү үчүн жарандык калкты, азык-түлүктөрдү, экологиялык ресурстарды жок кылуу максатында биологиялык агенттердин (микроорганизмдердин) колдонулушу.

**Издөөнүчүнүн юридикалык илимге кошкон жеке салымы** изилдөөнүн жаңылыгы, эл аралык укук жаатындагы актуалдуу эл аралык маселелерди чечүү аракети менен аныкталат. Жактоого чыгарыла турган жоболор автор тарабынан иштелип чыккан.

**Бул иштин апробациясы** автордун илимий-теориялык жана илимий-практикалык форумдардын, конференциялардын жана отурумдардын ишине катышуусу учурунда болгон.

Диссертациянын материалдары илимий-изилдөө иштеринде жана окуу процессинде, эл аралык укук жана эл аралык уюмдардын укугу боюнча курстарды окутууда колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы.** Диссертациянын негизги жоболору жана корутундулары Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин эл аралык укук жана дүйнөлүк саясат кафедрасында талкууланды. Диссертациянын негизги мазмуну Кыргыз Республикасындагы жана Казахстан Республикасындагы өткөрүлгөн эл аралык илимий практикалык конференцияларда, семинарларда, тегерек столдордо айтылган баяндамаларында, ошондой эле жарыяланган илимий макалаларда чагылдырылган.

Изилдөөнүн натыйжалары жана материалдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы сунуш кылган илимий журналдарда, ошондой эле Орус Федерациясынын илимий басылмаларында жарыяланган он бир илимий макалада чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүмү.**

Диссертация Кыргыз Республикасынын ЖАКы койгон талаптарга ылайык аткарылган. Диссертациялык иштин түзүмү изилдөөнүн максаты жана милдеттери менен аныкталат жана киришүүдөн, үч главадан, бөлүмдөрдөн, тыянактардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** теманы тандап алуу, анын актуалдуулугу, максаттары жана милдеттери негизделип, илимий жаңылык келтирилген, изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү аныкталган, коргоонун негизги жоболору баяндалган; изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана алардын басылмаларда чагылдырылышы жөнүндө маалымат берет.

**Биринчи главада «Шанхай Кызматташтык Уюмунун (ШКУ) түзүлүшү жана өнүгүшү»** уюмдун түзүлүшүнүн жана өнүгүшүнүн тарыхый жана укуктук өбөлгөлөрүн ачып берет. Бул глава үч бөлүмдү камтыйт.

***Биринчи бөлүмдө,*** автор тарабынан ***«ШКУнун түзүлүшүнүн тарыхый жана укуктук аспектилери»,*** «Шанхай бешилттигинен» «Шанхай сегиздигине» чейинки уюмдун түзүлүшүнүн жана кеңейишинин тарыхый баскычтары изилденет.

Эл аралык уюмдардын эл аралык укук илиминде илимий жактан иштелип чыгуу деңгээли өтө маанилүү, бирок Шанхай кызматташтык уюмуна байланыштуу маанилүү аспектилери фундаменталдуу илимий эмгектерде жана монографияларда, айрыкча Кыргыз Республикасында комплекстүү чагылдырыла элек.

Диссертацияны жазууда эл аралык укук жаатындагы окумуштуулардын эмгектери, эл аралык уюмдардын укуктары, атап айтканда, төмөнкү авторлордун эмгектери автор үчүн эң чоң теориялык мааниге ээ болгон: С.Ж. Айдарбаев, М. Ашимбаев, С.А. Баров, И.П. Блищенко, Г.М. Вельяминов, И.А. Дмитриенко, Э.С. Кривчикова, В.И. Кузнецов, Ч. Кашкараева, К.К.Керезбеков, В.С.Лавров, И.И. Лукашук, Ю.И., Мигачев, Е.Г.Моисеев, Г.И. Морозов, А. Муратбекова, С.М. Муратбекова, Ж.О. Омурова, Е. Оразалиев, Син Гуанчэна, О.Ж. Саматов, А.А. Сабитова, С. Смаилова, Г.И. Тункин, Е.Т. Усенко, В.Н. Федоров, С.В. Черниченко, Чжао Хуашэна, Е.А. Шибаева, Г.Г. Шинкарецкая, Т. Шаймергенов, М.В. Шевелёва жана башкалардын иштери колдонулган. Анын ичинен кытайлык эксперттер Чжао Хуашэндин, Син Гуанчэндин макалалары, жана Казахстандагы эксперттер М. Ашимбаев, Е. Оразалиев, А. Муратбекова, С. Смаилова, Т.

Шаймергенов, ал эми Кыргызстандан О.Ж. Саматов, Ч. Кашкараева, Ж.О. Омурова, Дмитриенко И.А. ж.б. илимий иштери колдонулган.

Шанхай кызматташтык уюмунун ишмердүүлүгүнө арналган илимий изилдөөлөр көп эмес, мисалы, Орусия Федерациясында В.С.Лавровдун «Шанхай Кызматташтык Уюмунун статусу (макамы) жана ишмердүүлүгү: эл аралык укуктук аспекти» диссертациясында (2008ж.) изилденген. Бирок, башка изилдөөлөрдүн көпчүлүгү ШКУнун ишмердүүлүгүнүн айрым аспектилерине тиешелүү экендигин белгилей кетүү керек, мисалы, Д.А.Сидоровдун «Азыркы дүйнөдөгү Шанхай Кызматташтык Уюмунун ролу жана орду: саясий илимдерди талдоо» (2011ж.), С.А.Баров. «Борбордук Азиядагы интеграциянын саясий маселелери» (2013ж.). Кыргызстанда бир катар эмгектер: Саматов О.Ж. «ШКУнун укуктук мүнөзү» (2019ж.); Омурованын Ж.О. «Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү» (2020ж.), Дмитриенко И.А. эмгеги билим берүү тармагына багытталган «Кыргызстан Шанхай кызматташтык уюмунун билим берүү долбоорлорунда: административдик-укуктук жөнгө салуу» (2014ж.) ж.б.

Диссертацияны даярдоо процессинде негизги булактарды - ШКУнун мыйзамдык базасын иштеп чыгууга жана талдоого негизги көңүл бурулган. Атап айтканда, ШКУнун негизги документтери менен бир катар: түзүүчү актылар - ШКУнун Хартиясы жана ШКУну түзүү жөнүндө декларация, ошондой эле узак мөөнөттүү жакшы коңшулук, достук жана кызматташтык жөнүндө келишим, терроризмге, сепаратизмге (жикчилдикке) жана экстремизмге каршы күрөшүү боюнча Шанхай Конвенциясы жана башка, ШКУнун Катчылыгынын, Регионалдык антитеррордук түзүмүнүн (РАТТ), ШКУнун башкаруу жана жумушчу органдарынын ыйгарым укуктарын жана иштешин жөнгө салуучу документтер, анын ичинде Мамлекет башчыларынын Кеңештери, Өкмөт башчылары, Тышкы иштер министрлери, Кеңеши жөнүндө Улуттук координаторлор, министрликтердин жана/же ШКУнун ведомстволорунун башчыларынын жолугушуулары, ошондой эле ШКУнун экономикалык багытындагы Банктар аралык бирикмелери (БАБ) жана ШКУнун Ишкер Кеңеши сыяктуу жаңы түзүмдөрдүн уюштуруу жана башка документтери изилденди жана колдонулду.

Изилдөөнүн темасына байланыштуу маанилүү маалыматтар мамлекеттер аралык программалык документтерде: ШКУнун башкаруу органдарынын билдирүүлөрүн, декларацияларын жана чечимдерин, ШКУга мүчө мамлекеттеринин мамлекет жана өкмөт башчыларынын ШКУ иш-чаралары учурунда сүйлөгөн баяндамаларын изилдөө учурунда алынган.

Шанхай кызматташтык уюмун түзүүнүн өбөлгөлөрү 1960-жылдары, ССРС менен Кытай Эл Республикасы (КЭР) аймактык талаштарды чечүү боюнча сүйлөшүүлөргө барганда коюлган. Советтер Союзу кулагандан кийин, Россия тарабынан жана Борбор Азия мамлекеттеринин (Кыргыз Республикасы, Казакстан Республикасы, Тажик Республикасы) жаңы сүйлөшүүлөрүнүн катышуучулары пайда болду. КЭР коңшу Көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) мамлекеттери менен аймактык талаш-тартыштарды жөнгө салгандан кийин, аймактык кызматташтыкты андан ары өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк пайда болду. 1996-жылы «Шанхай бешилттиги» түзүлгөн.

Беш мамлекеттин алдында экономикаларын калыбына келтирүү боюнча эң татаал милдеттерди чечүү, заманбап дүйнөлүк илим менен техниканын деңгээлине кыйынчылык менен болсо да жетүү жана экономикалык глобалдаштыруу чакырыктарына каршы туруу маселелери турду. Ушуга байланыштуу, беш өлкөнүн ар бири үчүн улуттук кайра жаралуу милдети коңшу мамлекеттер менен тынчтык жана туруктуу тышкы чөйрөнү жана көп тараптуу кызматташтыкты камсыз кылууга чейин жетишкен.

Мунун бардыгы «Шанхай бешилттиги» мүчөлөрүнөн жамааттык коопсуздук жаатында кызматташууну тереңдетүүнү талап кылды, демек, «Шанхай форумун» жаңы уюштуруучулук деңгээлге көтөрүү керек болчу.

2001-жылы бештиктин Шанхай форуму Өзбекстандын байкоочу макамынан уюмдун туруктуу толук мүчөсү макамына өтүшү менен салтанатталды. Саммитте Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, КЭРдин, Орусия Федерациясынын, Өзбекстан Республикасынын жана Тажикстан Республикасынын башчылары Шанхай Кызматташтык Уюмун түзүү жөнүндө Декларацияга кол коюшту. Катышуучулар «Шанхай бешилттигин» өнүктүрүүдө пайда болгон, өз ара пайдалуу, тең укуктуулук, өз ара консультациялар, маданияттардын ар түрдүүлүгүн урматтоо менен мүнөздөлгөн «Шанхай руху» «Шанхай Кызматташтык Уюмуна» мүчө мамлекеттердин ортосундагы мамилелери көбөйө тургандыгын билдиришти.

Белгилей кетчү нерсе, 2017-жылы ШКУнун эл аралык байланыштары байкалып, кеңейип, бекемделди. ШКУга мүчөлүккө кирүү үчүн зарыл болгон шарттарды аткаргандан кийин Индия менен Пакистан «Шанхай сегиздигин» түзүп, уюмга киришкен.

Жыйынтыгында, изилдөөнүн жүрүшүндө Шанхай кызматташтык уюмунун аймактык эл аралык уюм катары калыптанышына анализ жүргүзүлүп, аталган уюмдун алкагында мамлекеттердин биригишинин өзгөчөлүктөрү аныкталды.

***Экинчи бөлүмдө «ШКУну түзүүнүн жана ишмердүүлүгүнүн конвенциялык негиздери»*** Шанхай кызматташтык уюмун түзүүнүн эл аралык укуктук негиздерин изилдөөгө арналган.

Автор уюмдун түзүлүшүнүн жана ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздерин талдоону өткөрүүдө. ШКУнун эл аралык укуктук негизин «Шанхай бештиги» деп аталган мамлекеттер түзүшкөн: Кытай Эл Республикасы, Орус Федерациясы, Казакстан Республикасы, Кыргыз Республикасы, Тажикстан Республикасы, СССР кулагандан кийин мурдагы советтик-кытай мамлекеттик чек ара көйгөйлөрүн чечүүгө аргасыз болушкан [Саматов, О.Ж. ШКУнун эл аралык укуктук базасы КМШнын Борбор Азия аймагындагы туруктуулуктун жана өнүгүүнүн куралы катары [Текст]/О.Ж.Саматов//Укук жана саясат - 2005. - № 12. - 63-71б.].

Андан ары, чек ара аймагындагы аскерий талаага ишенимди бекемдөө жөнүндө келишим (Шанхай, 1996) жана чек ара аймагындагы куралдуу күчтөрдү өз ара кыскартуу жөнүндө Келишимдер (Москва, 1997) кабыл алынган. Бул эки документ чек ара аймактарындагы аскерий тармакта өз ара ишенимдин механизмин түптөп, беш мамлекеттин ортосундагы чыныгы өнөктөштүк мамилелерди мындан ары орнотууга өбөлгө түздү.

2001-жылы Шанхайдагы саммитте кабыл алынган ШКУнун түзүлүшү жөнүндө Декларация [Шанхай Кызматташтык Уюмун түзүү жөнүндө Декларация 2001- жылдын 15 июнунда кабыл алынган [Электрондук ресурс]: Шанхай Кызматташтык Уюмунун расмий сайты - кирүү режими://http:www.SCO.ru], анын «декларация» деген аталышына карабастан, эл аралык келишим болуп саналат, анткени ага катышкан бардык мамлекеттер кол койгон. ШКУ Декларациянын 1-беренесине ылайык, ушул документтин негизинде түзүлгөн.

Андан кийин, ШКУнун макамы 2002-жылы 7-июнда кабыл алынган Шанхай Кызматташтык Уюмунун Хартиясы [Шанхай Кызматташтык Уюмунун Хартиясы [Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайты. - кирүү режими: // cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17288] менен жөнгө салынган.

Тажрыйба көрсөткөндөй, уюмдун алкагында көптөгөн конвенциялар, келишимдер, жоболор, протоколдор, меморандумдар, жана башка ушул сыяктуу биргелешкен билдирүүлөр кабыл алынат, алар Шанхай Кызматташтык Уюмунун ишмердүүлүгүнүн эл аралык укуктук негизи болуп саналат.

***Үчүнчү бөлүмдө «ШКУнун ишмердүүлүгүнүн институционалдык аспекттилери»*** Шанхай кызматташтык уюмунун уюштуруу-укуктук түзүмүн изилдөөгө арналган.

Профессор Г.И. Морозов, белгилүү компетенттүүлүккө жана иштөө тартибине ээ туруктуу органдардын болушу эл аралык уюмдун маанилүү өзгөчөлүгү болуп саналат деп көрсөтүүдө [Морозов, Г.И. Эл аралык уюмдар. Теориянын айрым суроолору [Текст]/Г.И. Морозов.- М., - 1974. С. 110].

Бул бөлүмдө диссертациялык изилдөөнүн автору уюмдун негизги органдарын изилдейт:

ШКУдагы чечимдерди кабыл алуунун жогорку органы - мүчө мамлекеттердин башчыларынын Кеңеши (МБК) болуп саналат. Ал жылына бир жолу чогулуп, Уюмдун бардык маанилүү маселелери боюнча чечимдерди жана көрсөтмөлөрдү кабыл алат. ШКУга мүчө мамлекеттердин Өкмөт башчыларынын (премьер-министрлеринин) Кеңеши (ӨБК) жылына бир жолу чогулуп, көп тараптуу кызматташуу стратегиясын жана Уюмдун алкагындагы артыкчылыктуу багыттарды талкуулайт, экономикалык жана башка кызматташтыктын фундаменталдык жана актуалдуу маселелерин чечет, ошондой эле Уюмдун жылдык бюджетин бекитет.

МБК жана ӨБК отурумдарынан тышкары, парламенттердин башчылары, коопсуздук кеңештеринин катчылары, тышкы иштер министрлери, коргонуу, өзгөчө кырдаалдар, экономика, транспорт, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, укук коргоо органдарынын, жогорку жана арбитраждык соттордун, башкы прокурорлордун жетекчилер деңгээлиндеги жолугушууларды өткөрүү механизми дагы бар. ШКУнун алкагындагы координациялоо механизми - ШКУга мүчө мамлекеттердин улуттук координаторлор Кеңеши (УКК) түзөт.

Уюмдун туруктуу эки органы бар - Пекиндеги ШКУнун Катчылыгы жана Ташкендеги ШКУ Регионалдык антитеррордук түзүмүнүн (РАТТ) Аткаруу комитети. Белгилей кетүүчү жагдай, эгерде зарыл болсо, Мамлекет башчыларынын Кеңеши ШКУнун Хартиясында көрсөтүлгөндөй жаңы органдарды түзүшү мүмкүн.

Жыйынтыгында, ШКУнун өнүккөн уюштуруучулук түзүмү бар экендигин, ал эл аралык тажрыйбага шайкеш келээрин белгилейбиз.

**Экинчи глава «ШКУнун ишмердүүлүгүнүн эл аралык укуктук жөнгө салуу: ишмердүүлүктүн негизги багыттары жана өнүгүү тенденциялары» үч бөлүмдөн турат.**

ШКУга мүчө мамлекеттердин кызматташтыгынын актуалдуу (негизги) маселелерин ачат. Автордун айтымында, алардын катарына соода-экономикалык, маданий-гуманитардык, энергетикалык кызматташтык кирет. Глава үч бөлүмдөн турат.

Кеңири мааниде **диссертациялык изилдөөнүн объектиси** Шанхай Кызматташтык Уюмунун макамын жана ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мамилелер болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети** ШКУнун эл аралык уюм катары эл аралык укуктук макамын жана ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу эл аралык укуктук ченемдери.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** диалектикалык таанып билүү методунун методдору түзгөн: анализдөө жана синтездөө ыкмасы, логикалык ыкма, тутумдук-структуралык талдоо методу, формалдуу укуктук интерпретация методу менен айкалыштырып, салыштырмалуу жана тарыхый-укуктук изилдөө методу. Автордун ушул ыкмаларды колдонуусу, коюлган максаттарга жетүүгө жана изилдөө процессиндеги көйгөйлөрдү чечүүгө өбөлгө түздү.

***Биринчи бөлүмдө «Соода-экономикалык кызматташууну жөнгө салуунун эл аралык укуктук негиздери»*** уюмдун мүчөлөрүнүн өз ара аракеттенүүсүнүн маанилүү багыттарынын бирин изилдөөгө арналган.

Узак мөөнөткө уюмдун туруктуу иштешине жетишүү үчүн, мүчө мамлекеттердин экономикалык өнүгүүсүн илгерилетүү жана камсыз кылуу, ошондой эле жарандардын жашоо шартын жакшыртуу боюнча иштер жүрүп жатат. ШКУ региондогу тең салмактуу экономикалык өсүш кызыкчылыгы үчүн бардык мүчө мамлекеттердин гармониялык өнүгүүсүн камсыз кылууга салым кошот. Мүчө мамлекеттер ШКУ мейкиндигинде өз ара

пайдалуу соода-экономикалык кызматташтыкты мындан ары кеңейтүүгө, анын ичинде жагымдуу инвестициялык жана ишкердик климатты түзүү, ишкер демилгелерди колдоо, кызматташуунун артыкчылыктуу багыттары боюнча долбоорлорду ишке ашыруу жана инфраструктураны өнүктүрүү багытында макулдашылган чараларды көрүшөт.

ШКУга мүчө мамлекеттердин соода-экономикалык кызматташтыгы төмөнкү багыттарда жүргүзүлөт: экономика жана соода; каржы жана инвестиция; транспорт; бажы кызматташтыгы; айыл чарба; өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана четтетүү; жаштар саясаты; ШКУнун элчилер клубу; Банктар аралык бирикмелер; Ишкер кеңеши.

Жогоруда көрсөтүлгөн багыттар боюнча ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосундагы кызматташууну координациялоо жана өз ара аракеттенүүнү жеңилдетүү ШКУ Катчылыгынын экономикалык жана гуманитардык маселелер боюнча департамент тарабынан жүзөгө ашырылат.

Катчылыктын түзүмдүк бөлүмү катары ШКУнун Башкы катчысынын 2017-жылдын 3-февралындагы буйругу менен бекитилген Департамент жөнүндө жобого [ШКУ тууралуу жалпы маалымат [Электрондук ресурс]: Шанхай Кызматташтык Уюмунун расмий сайты - кирүү режими: http://rus.sectsco.org/structure/20190717/565661.html] ылайык иштейт.

ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыкты талдоонун негизинде, бул тармак эбегейсиз потенциалга ээ, айрыкча экономикалык байланыштарды кеңейтүү үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр бар. Уюмдун алкагындагы кызматташуу процессине байкоо жүргүзгөндө, катышуучу өлкөлөр бар болгон мүмкүнчүлүктөрдү активдештирип, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратып жаткандыгын белгилейбиз.

***Экинчи бөлүмдө «Маданий-гуманитардык кызматташууну жөнгө салуунун эл аралык укуктук аспектилери»*** маданий-гуманитардык өз ара аракеттенүү жаатындагы эл аралык укуктук маселелерди изилдөөнү камтыйт.

Изденүүчү ШКУнун Хартиясына ылайык, гуманитардык жааттагы кызматташуу уюмдун артыкчылыктуу милдеттеринин бири экендигин белгилөөдө. ШКУга мүчө сегиз мамлекеттин жетекчилери ШКУнун алкагындагы динамикалуу өнүгүп келе жаткан өз ара аракеттенүү чөйрөсүнө айланып бара жаткан гуманитардык кызматташтыкка көбүрөөк көңүл бурушу керектигин бир нече жолу баса белгилешти.

ШКУ түзүлгөн жылдар аралыгында мүчө мамлекеттер маданият, билим берүү, айлана-чөйрөнү коргоо, жаштар саясаты, спорт, туризм жана медиа жаатында практикалык жана натыйжалуу кызматташтыкты орнотушту. «Шанхай руху» ШКУ мамлекеттеринин ортосундагы маданий-гуманитардык кызматташтыкты кеңейтүүдө да маанилүү ролду ойнойт. Өлкөлөрүбүздүн ортосундагы саясий диалогду, саясий жана экономикалык байланыштарды чыңдоо менен катар, көркөм өнөр жана билим берүү жаатындагы кызматташууга өзгөчө көңүл бурулат.

Гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтык ШКУ өлкөлөрүнүн ортосундагы достукту чыңдоо үчүн бекем социалдык негиз түздү жана өнүгүүнүн өсүп келе жаткан тенденциясына ээ болду. Ар бир өлкөнүн гуманитардык ресурстарынын өзгөчөлүктөрү болгондуктан, Уюмдун мүчөлөрү өз ара аракеттенүү үчүн эбегейсиз мүмкүнчүлүккө ээ. Барынан мурда, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн элдеринин кылымдарды карыткан тыгыз байланыштары алардын ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү тереңдеткен жана тереңдетүүдө, улуттук маданияттардын байышына өбөлгө түзүп, салым кошууда. Ошол эле учурда, Кытайдын Борбор Азия өлкөлөрү менен байланышы тээ илгерки замандарга барып такалат. Байыркы «Жибек Жолу» өз убагында Кытайды Борбор Азия өлкөлөрүнө жакындатып келгендиги жана учурда алардын ортосундагы байланыштыруучу байланыштын түрү экендиги белгилүү. Ошондой эле, Борбордук Азия өлкөлөрүнө орус маданияты чоң таасирин тийгизгендигин белгилей кетүү керек.

Орус тили бул аймактагы баарлашуунун универсалдуу тили катары колдонулат. Ушунун негизинде, ШКУ гуманитардык чөйрөдө алмашууну жана кызматташууну

илгерилетүү үчүн уникалдуу шарттарга ээ [Джусупов, Б. ШКУнун алкагындагы гуманитардык кызматташтык [Электрондук ресурс]/ Джусупов Б. - кирүү режими:// http://www.infoshos.ru/ru/print.php?idn=251].

Ошентип, Шанхай Кызматташтык Уюму эбегейсиз потенциалга ээ, айрыкча, анын гуманитардык байланыштарды кеңейтүү үчүн зор мүмкүнчүлүктөрү бар. Уюмдун алкагындагы кызматташуу процессине байкоо жүргүзүп, катышуучу өлкөлөрдүн бардыгын активдештирип, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратып жаткандыгын байкаса болот. Демек, келечекте гуманитардык кызматташтык кеңейип, барган сайын жаңы мазмунга ээ болот.

***Үчүнчү бөлүмдө «ШКУнун алкагында энергетикалык кызматташууну эл аралык укуктук жөнгө салуу»*** энергетикалык өз ара аракеттенүүнүн эл аралык укуктук аспектилерин изилдейт.

ШКУнун аймагы эбегейсиз ресурстук потенциалга ээ, ошондой эле транзиттик аймак катары кызмат кылат, анда эң маанилүү транспорттук каттамдар жана энергетикалык ресурстардын транзиттик инфраструктурасы топтолгон.

ШКУга эки ири мунайзат жеткирүүчүлөр кирет – Орусия Федерациясы жана Казакстан Республикасы, жана дагы бир өлкө – Кытай Эл Республикасы, мунай керектөө боюнча АКШдан кийин экинчи орунда турат, бул аймактагы мунай продуктуларынын ири потенциалдуу керектөөчүсү. Орусия Федерациясы үчүн ШКУ мунай керектөөчү мамлекеттер менен кызматташууга, ошондой эле Кытайга жана башка Азия мамлекеттерине мунай жана газ жеткирүү үчүн жаңы жолдорду салуу жана уюштуруу процесстерин активдештирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Кыргыз Республикасынын Концепциясына ылайык [Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук Концепциясы (Кырг. Респ. Президентинин жарлыгы менен 2012-жылдын 9-июнунда бекитилген, № 120) [Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайты. - кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/61367], гидроэнергетика тармагында инвесторлор Кыргызстан менен Тажикстанга, региондун суу ресурстарынын 90% түзгөн өлкөлөрүнө кызыгып жатышат. Бирок гидроэнергетикалык ресурстарды иштетүүгө чет элдик компаниялардын катышуусун чөлкөмдөгү суу-энергетикалык көйгөйлөр чечилбей жатат. Ошондуктан, энергетикалык ресурстарды пайдалануунун актуалдуу көйгөйлөрүн чечүү үчүн энергетика тармагында кызматташуу механизмин түзүү зарылдыгы келип чыгууда.

Дүйнөлүк энергетикалык туруксуздук мезгилинде, аймактын экспорттук жолдорунун ар түрдүүлүгүнөн улам, жергиликтүү ресурстар аймактык энергетикалык балансты камсыз кылууда маанилүү ролду ойной алат. Кытай - Кыргызстан - Өзбекстан темир жолу республикалар үчүн түштүк багытта көмүрдү экспорттоонун каналдарынын бири болуп калат. Жалпысынан бул жол Борбор Азия республикаларынын, биринчи кезекте Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүнө белгилүү түрткү болот.

Мунай, газ, көмүр жана урандын ири запасы бар энергетикалык коопсуздук тутумунда, ошондой эле алардын өндүрүшүнө алдыңкы чет элдик компаниялардын катышуусунда Борбордук Азия чечүүчү ролду ойнойт. Бул жагынан алганда, Кыргызстанда көмүрдүн кыйла ири запасы бар (Совет мезгилинде жылына 4 миллион тоннага жакын казылып алынган) жана ири гидроэнергетикалык потенциалы бар. Көмүргө болгон суроо-талаптын өсүшүнүн негизинде чөлкөмгө чектеш өлкөлөрдө - Кытайда, Индияда жана Пакистанда аны Кыргызстандан экспорттоо үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүп жатат.

Энергетикалык клуб, Энергетика жаатында мыйзамдарды шайкеш келтирүүгө, катышуучу мамлекеттердин, Шанхай кызматташтык уюмунун байкоочуларынын жана диалог өнөктөрүнүн энергетикалык коопсуздугун камсыз кылуу, негизги регионалдык өндүрүүчүлөрдүн, транзиттик өлкөлөрдүн жана энергетикалык ресурстарды керектөөчүлөрдүн өз ара аракеттенүүсүн координациялоо, дүйнөлүк энергетикалык

рынокто баа түзүү көйгөйлөрүн талкуулоо менен байланышкан маселелерди талкуулоо үчүн маалыматтык жана талкуу аянтчасы катары тариздelген.

Ошондуктан, Энергетикалык клубу расмий эмес орган болгондуктан, анын макамын расмий макамга өткөрүү сунушталууда. Анткени бул көптөгөн энергетикалык маселелерди расмий орган аркылуу чечүүгө жардам берет деп ишенебиз.

**Үчүнчү глава «Регионалдык коопсуздукту камсыз кылуунун эл аралык укуктук аспектилери»** ШКУнун алкагында кызматташуунун эң актуалдуу темасына арналган. Үч бөлүмдөн турат.

***Биринчи бөлүмдө «ШКУга мүчө мамлекеттердин терроризм, экстремизм жана сепаратизмге (жикчилдикке) каршы күрөшүү жаатындагы эл аралык укуктук кызматташтыгы»*** коопсуздукту камсыз кылуу боюнча эл аралык укуктук маселелерин ачып берет.

Бул бөлүмдө автор азыркы динамикалуу түрдө өнүгүп жаткан дүйнөдө туруктуулукту жана коопсуздукту сактоого байланыштуу маселелер өзгөчө актуалдуу экендигин баса белгилейт. Эл аралык терроризм, экстремизм, уюшкан кылмыштуулук, баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшү, мыйзамсыз миграция сыяктуу «жаңы коркунучтар жана чакырыктар» деп аталган адамзатка барган сайын коркунуч туудурууда. Тигил же бул деңгээлде, бүгүнкү күндө дээрлик бардык мамлекеттер ушул коркунучтарга туш болушат. Мындай кырдаалда, ар кандай эл аралык түзүмдөрдүн жана уюмдардын алкагында мамлекеттердин күч-аракеттери бириктирилбесе, улуттук деңгээлде болсо дагы, коопсуздукту сактоо мүмкүн эмес.

Евразиялык мейкиндиктеги мындай түзүлүштөрдүн бири - Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ), ал өзүнүн жашоосунун башталышынан тартып эле «үч жамандыкка»: терроризмге, сепаратизмге жана диний экстремизмге каршы туруу үчүн өзүнүн негизги милдеттеринин бири деп жарыялаган [2001-жылдын 15-июнундагы Терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы күрөшүү боюнча Шанхай конвенциясы[Электрондук ресурс]: ШКУ Катчылыгынын расмий сайты. - кирүү режими: // htpp: //www.sectsco.org.].

Жаңы чакырыктарга жана коркунучтарга каршы туруу жаатында кызматташтык ырааттуу түрдө, кош стандарттарды колдонбостон, эл аралык укуктун ченемдерин так сактоо менен жана БУУнун колдоосу астында жана анын Уставын так сактоо менен глобалдык коопсуздук тутумун куруу керектиги баса белгиленди. ШКУга мүчө мамлекеттер дүйнөдө болуп жаткан көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмсүз болгон бир тараптуу аракеттерди түп-тамырынан бери четке кагышат.

Өткөрүлгөн талдоо көрсөткөндөй, ШКУга мүчө мамлекеттер бул ишти эл аралык укуктун принциптерине жана нормаларына так ылайык жүргүзүшөт. ШКУ мамлекеттердин регионалдык коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы кызматташтыгын жана өз ара аракетин эл аралык укуктук жөнгө салуу боюнча эрежелерди иштеп чыгууда конкреттүү натыйжаларга жетишти.

«Салттуу» террорчулуктан кем эмес коркунучтуу - биотерроризм адамзат үчүн терроризмдин жаңы түрүнүн коркунучу катары өсүп жаткандыгына байланыштуу, ШКУнун укуктук базасына жаңы түшүнүктү киргизүү зарыл болуп турат. Ушуга байланыштуу, «биотерроризм» деген түшүнүктү иштеп чыгуу зарыл деп эсептедик. **«Биотерроризм»** - бул терроризмдин бир түрү катары, саясий же башка максаттарга жетүү үчүн жарандык калкты, азык-түлүк жана экологиялык ресурстарды жок кылуу максатында уюм, саясий бирикме тарабынан биологиялык агенттерди (микроорганизмдерди) пайдаланууну билдирет.

***Экинчи бөлүмдө «ШКУнун алкагында коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттер аралык кызматташтыкка Кыргыз Республикасынын катышуусунун алдын-ала шарттары жана эл аралык укуктук маселелери»*** автор уюмдун алкагында

Кыргызстандын мамлекеттер аралык кызматташууга катышуусунун учурдагы өбөлгөлөрүн иликтөөгө аракет кылат.

Дүйнөдөгү мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыктын башкы максаты - коопсуздукту камсыз кылуу, анткени ар бир мамлекет өз коопсуздугун сактоого умтулат. Мамлекеттердин тышкы саясатын ишке ашыруунун маанилүү фактору болуп, өлкөлөрдүн биригиши жана биргелешип коргонуу жолдорун иштеп чыгуу жана коопсуздук коркунучтарына каршы туруу болуп саналат. Эгемендүүлүктүн 30 жыл аралыгында Кыргыз Республикасы жыйырмадан ашык эл аралык уюмдар жана институттар менен, анын ичинде ШКУ менен дагы мамилесин түздү.

Кыргыз Республикасы ШКУнун алкагында кызматташууну жигердүү жүргүзүп жатат. Мисалы, ШКУнун Регионалдык антитеррордук түзүмүн (РАТТ) түзүү идеясы Кыргызстанга таандык.

Дүйнөлүк мейкиндикте, айрыкча Борбор Азияда Кыргызстан ШКУну өнүктүрүүнүн чоң келечегин көрүп жаткандыгын белгилей кетүү маанилүү. Бул уюмдун кадыр баркын бекемдөө өз ара пайдалуу кызматташуунун бардык багыттарындагы кызматташуунун натыйжалуулугуна байланыштуу болот. Дүйнө кескин өзгөрдү, анын саясий чындыгы өзгөрдү жана саясий салмактын оордук борбору өзгөрүүдө. Азыр баардыгы биргеликте ар кандай чакырыктарга жана коркунучтарга каршы туруу үчүн тыгыз байланыштарды чыңдоо жана интеграциялык процесстерди күчөтүү мурдагыдан да маанилүү.

***Үчүнчү бөлүмдө «ШКУнун БУУ, ЖККУ, ЕККУ менен регионалдык коопсуздук жаатында өз ара аракеттенүүсүнүн эл аралык укуктук аспектилери»*** ШКУнун коопсуздук жаатындагы башка эл аралык уюмдар менен кызматташтыгына арналган.

Ички уюштуруу механизмдерин жана кызматташуунун укуктук-ченемдик базасын иштеп чыгуу менен катар, ШКУ тышкы өнөктөштөр - башка эл аралык, регионалдык уюмдар жана кызыкдар мамлекеттер менен байланыштарды өнүктүрүүдө кыйла жигердүүлүктү көрсөтүүдө.

ШКУнун эл аралык укуктук макамынын жана анын эл аралык мамилелердеги ордун тастыктоо маанилүү, 2004-жылдын декабрь айында БУУнун Башкы Ассамблеясында Уюмга байкоочу макамынын берилиши, 2005-жылы ШКУ менен Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттеринин ассоциациясы (ТЧАМА), ШКУ жана КМШнын ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумдарга, ШКУ Катчылыгы менен Евразия экономикалык коомунун Интеграциялык Комитетинин Катчылыгынын ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга жана башкаларга кол коюлушу болуп саналат.

БУУ, ЕККУ, ЖККУ, ШКУ сыяктуу жамааттык коопсуздук уюмдары мүчө эмес мамлекеттерге каршы багытталбагандыгын, башка мамлекеттердин аларга кошулуусу үчүн ачык экендигин өзгөчө белгилей кетүү керек. Ошондой эле, жамааттык коопсуздук келишиминин [1992-жылдын 15-майындагы Жамааттык коопсуздук келишими[Электрондук ресурс]: Жамааттык коопсуздук келишим уюмунун расмий сайты - кирүү режими: // https://odkb-csto.org/documents/documents/dogovor_o_kollektivnoy_bezopasnosti/] 1-беренесине ылайык, мүчө мамлекеттер экинчи тарапка каршы багытталган келишимдерди түзө албай тургандыгын кошумчалап кетүү керек. ЕККУ жана ШКУ аскердик-саясий багыт менен катар өз ишмердүүлүгүндө коопсуздуктун экономикалык жана экологиялык аспектилерин иштеп чыгууда.

Кабыл алынган документтердин негизинде ШКУга караштуу байкоочу мамлекеттери тажрыйба, маалымат алмашуу, биргелешкен долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу максатында кызыкдар, эл аралык уюмдар менен жигердүү диалогторду жана кеңеш берүүнү өткөрүүнү көздөйт.

# ТЫЯНАКТАР

Диссертациялык иштин корутундусунда диссертациянын мазмунунан келип чыгуучу төмөнкүдөй тыянактар чыгарылган:

1. Изилдөөдө ШКУнун институттарынын интенсивдүү калыптанышын жана өнүгүүсүн, ошондой эле, катышкан сегиз мамлекеттин ортосундагы ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрүндө ченемдик укуктук базаны иштеп чыгууда кеңири компетенттүүлүктүн эл аралык регионалдык уюму катары динамикалуу өнүгүүсүн көрсөтүүдө. Шанхай кызматташтык уюмунун макамы эл аралык укуктун критерийлерине жооп берип, «эл аралык регионалдык өкмөттөр аралык уюм» түшүнүгүн мүнөздөгөн өзгөчөлүктөргө ээ.

2. ШКУнун ички түзүмүнө терең талдоо жүргүзүлдү. Уюмдун өнүккөн уюштуруу түзүмү бар. Ошондой эле, уюм ичиндеги мамилелерди укуктук жөнгө салуунун бир катар маселелери аныкталды, аларды чечүү ШКУнун жана анын органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө болот. Дүйнөдө Шанхай кызматташтык уюмунун абройу жана таасири өсүшү менен катар өзүнүн ички институционалдык өнүгүү процесстерин талдоо көрсөткөндөй, өз ара мамилелердин кызыкчылыктарынын теңдиги, ишеними жана тең салмактуулугу, башка мамлекеттерге же уюмдарга каршы багытталбоо принциптери жана аймактык коопсуздуктун моделин түзгөн регионалдык эл аралык уюм катары өзүнүн мүнөздүү белгилерин көрсөттү.

3. ШКУ мамлекеттеринин регионалдык өз ара аракеттенүүнү башка мамлекеттерге жана уюмдарга каршы багытталбаганын, теңчилик, өнөктөштүк, маданий жана цивилизациялык ар түрдүүлүктү урматтоо принциптерине ылайык ийгиликтүү көйгөйлөрүн чечүүнүн мисалын көрсөтөт. Талдоо көрсөткөндөй, ШКУга мүчө мамлекеттер бул ишти эл аралык укуктун принциптерине жана укуктук ченемдерге ылайык жүргүзүшөт. ШКУ мамлекеттердин бардык чөйрөлөрдөгү кызматташтыгын жана өз ара аракеттенүүсүн эл аралык укуктук жөнгө салуу боюнча эрежелерди иштеп чыгууда конкреттүү натыйжаларга жетишти.

4. ШКУга мүчө мамлекеттердин масштабы жана эбегейсиз зор ресурстары, адамдык жана экономикалык потенциалы Уюмдун мындан аркы ийгиликтүү өнүгүүсүнүн маанилүү шарттарынын бири - бул мамлекеттердин ортосунда терең ойлонулган, сарамжалдуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу экендигин ырастоого мүмкүндүк берип, аймактык жана дүйнөлүк көйгөйлөрдүн бардык тараптары боюнча мүчө мамлекеттердин ортосундагы оптималдуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу жана ШКУнун алкагында экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү. Мүчө мамлекеттер Шанхай кызматташтык уюмунун алкагында соода-экономикалык байланыштардын жана инвестициялык кызматташтыктын олуттуу ишмердүүлүк потенциалын 20 жылдык мөөнөттө калыптантып, регионалдык экономикалык өз ара аракеттешүүнүн өнүгүшүндө оң тенденцияларды камсыз кылып, кызматташтык механизмдерин өркүндөтүүгө өбөлгө болууда. Алар ШКУ мейкиндигиндеги гармониялык өнүгүү жалпысынан региондогу тең салмактуулук, экономикалык өсүштүн кызыкчылыгына жооп берет деп эсептешет. Ушуга байланыштуу, Уюмдун алкагында соода-экономикалык өз ара аракеттенүүнү мындан ары кеңейтүү боюнча, анын ичинде соода, инвестициялоо жана ишкерлер чөйрөлөрүнүн кызматташуусу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу макулдашылган пайдалуу чаралар көрүлөт.

5. Маданий-гуманитардык чөйрөдөгү ишмердүүлүктү жөнгө салуунун эл аралык укуктук маселелери кызматташтыктын маанилүү багыттарынын бири катары изилденди. «Шанхай руху» ШКУ мамлекеттеринин ортосундагы маданий-гуманитардык кызматташтыкты кеңейтүүдө маанилүү ролду ойнойт. Өлкөлөрдүн ортосундагы саясий диалогду, саясий жана экономикалык байланыштарды чыңдоо менен катар, көркөм өнөр жана билим берүү жаатындагы кызматташууга өзгөчө көңүл бурулуп жатат.

6. Уюмга мүчө мамлекеттердин энергетикалык кызматташтыгынын актуалдуулугу далилденди, аны ШКУга мүчө мамлекеттердин өз ара аракеттенүүсүнүн келечектүү багыттарынын бири катары кароо керек. Акыркы жылдары климаттын өзгөрүшү жана суу ресурстарынын азайышы шартында сууга болгон атаандаштык күч алууда. Борбордук Азия чөлкөмүнүн мамлекеттери сууну бөлүштүрүүгө катышуусун камсыз кылуу, өзүнүн суу сактагычтарын куруу боюнча чараларды көрүү, ошондой эле электр энергиясы менен өзүн-өзү камсыз кылуу каалоосун көрсөтүшкөнү негизделет. Региондогу суу-энергетикалык көйгөйлөрдүн курчушу, климаттын өзгөрүшүнүн глобалдык процесстери менен курчушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу, Энергетикалык клубунун макамын бейрасмий органдан расмий орнанга айландыруу сунушталууда, ал ШКУга мүчө мамлекеттеринин бардык өлкөлөрдө энергетика маселелерин чечүүгө жардам берет деп эсептейбиз.

7. ШКУнун алкагындагы эл аралык укуктук жөнгө салуунун артыкчылыктуу багыты - региондогу коопсуздукту камсыз кылуу маселелери болуп саналат. ШКУнун коопсуздук чөйрөсүндөгү регионалдык уюм катары өзгөчөлүгү ачылып, мамлекеттик эмес мүнөздөгү жаңы чакырыктарга жана коркунучтарга: терроризмге, сепаратизмге (жикчилдикке), экстремизмге жана башка трансчегаралык кылмыш иш-аракеттерине каршы турууга басым жасалган.

Бүгүнкү күндө, дүйнө жүзүндөгү калктын биологиялык коопсуздугу дагы актуалдуу тема болуп саналууда. Террористтик актыларды жасоодо жарылуучу заттардын жана башка жок кылуучу каражаттардын ордуна патогендик микроорганизмдер колдонулууда. «Биотерроризм» түшүнүгү ШКУнун укук ченемдик документтеринде жок болгондуктан, бул концепцияны ШКУнун терроризмге каршы конвенциясына киргизүү сунушталды. Автордун «биотерроризм» түшүнүгү сунушталды – бул терроризмдин бир түрү катары, саясий же башка максаттарга жетүү үчүн жарандык калкты, азык-түлүк жана экологиялык ресурстарды жок кылуу максатында уюм, саясий бирикме тарабынан биологиялык агенттерди (микроорганизмдерди) пайдаланууну билдирет.

8. Индия Республикасы жана Пакистан Республикасы «Шанхай сегиздигин» түзүп, ШКУга мүчө болуп кирүүсүнө жана ШКУнун кеңейишине байланыштуу эл аралык укуктук аспекти маанилүү деп изилденди. ШКУ Түштүк Азия жана Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү менен Азия-Тынч океан жана Атлантика региондорунун ортосундагы туруктуулукту жана коопсуздукту камсыз кылуучу курал экени негизделүүдө.

ШКУнун ишмердүүлүгүн изилдөөдө жамааттык чечимдердин актуалдуулугун жана натыйжалуулугун ырастоо менен бирге, келип чыккан ар кандай жалпы көйгөйлөргө, чакырыктарга жана коркунучтарга каршы аракеттеринин бириктирүүнүн оң тажрыйбасын камсыз кылууда.

9. ШКУнун алкагындагы саммиттерде жана башка жолугушууларда кабыл алынган биргелешкен декларациялар жана башка документтер бир добуштан Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттер үчүн иш жүзүндө бардык эл аралык көйгөйлөргө мүнөздүү экендигин көрсөтөт. Бул өзөктүк куралды жайылтпоого, глобалдык жылуулукка жана дүйнөлүк каржы-экономикалык кризиске дагы тиешелүү. Ошол эле учурда, бул, биринчи кезекте, ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосунда келишпестик жаралган маселелер, бул документтерде козголбогондуктан же алар эң жалпы формулировкада айтылгандыктан улам камсыздалгандай көрүнөт. Башка эл аралык уюмдардын алкагында бул жерде өзгөчөлүгү жок, ошондой эле, ички карама-каршылыктарга мүмкүн болушунча көп көңүл бурбоону туура көрүүдө.

10. ШКУнун мүнөздөмөсү, интенсивдүүлүгү жана андан ары өнүктүрүүнүн келечеги тышкы жана ички факторлордун комплекси менен аныкталат. Ушул перспективаларды аныктоо үчүн уюмдун катышуучуларынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн эске алуу керек, анткени алардын ар биринин таасири анын жалпы улуттук күчүнө шайкеш экендиги ачык айкын. Андан тышкары, ШКУнун мындан аркы өнүгүшү көбүнчө уюмдун

ичинде белгилүү бир күчтөрдүн балансын түзүүгө жана ШКУнун ичиндеги эң күчтүү мамлекеттерди тең салмактуулукка алып келген өзүнчө топторду жана блокторду түзө турган мүчө мамлекеттердин ортосундагы мамилелердин абалына байланыштуу болот.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ МАКАЛАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. **Тынаева, Н.Т.** Сотрудничество Кыргызстана с государствами–участниками СНГ в области образования [Текст] / Н.Т. Тынаева // Вестник КГЮА, - 2014. – №1. – 177-180с. URL: https://ksla.kg/wp-content/uploads/2022/02/vestnik-%E2%84%961-2014.pdf
2. **Тынаева, Н.Т.** Актуальность деятельности Шанхайской организации сотрудничества [Текст] / Н.Т. Тынаева // Вестник КГЮА, - 2016. –№4. –211-214с. URL: https://ksla.kg/wp-content/uploads/2022/02/vestnik-%E2%84%964-2016.pdf
3. **Тынаева, Н.Т.** Кыргызстан и ШОС: 15 лет сотрудничества [Текст] / Н.Т. Тынаева, //Вестник Академии МВД КР им.генерал-майора милиции Алиева Э.А., 2017.- №2.- 77-79с. URL: http://academy-mvd.kg/images/vestnik/2-2017.pdf
4. **Тынаева, Н.Т.** Международно-правовые условия возникновения ШОС [Текст] / Н.Т. Тынаева // Вестник КГЮА, 2017. –№2. –49-52с. URL: https://ksla.kg/wp-content/uploads/2022/02/vestnik-%E2%84%962-2017.pdf
5. **Тынаева, Н.Т.,** Каримбердиева, Ш.А. Проблемы и перспективы интеграционного взаимодействия Кыргызской Республики со странами-участниками ЕАЭС [Текст] / Н.Т. Тынаева // Вестник КГЮА, 2018. –№3. –289-293с. URL: https://ksla.kg/wp-content/uploads/2022/02/vestnik-%E2%84%963-2018.pdf
6. **Тынаева, Н.Т.** Международно-правовые основы регулирования вопросов безопасности в рамках ШОС [Текст] / Н.Т. Тынаева // Modern Science.– 2019. Выпуск № 1.– С.107-109. URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36924820
7. **Тынаева, Н.Т.**, Каримбердиева, Ш.А. Шанхай Кызматташтык Уюмундагы Кыргыз Республикасынын ролу [Текст] / Н.Т. Тынаева // Вестник КГЮА, - 2019. –№2. –С. 53-55. URL: https://ksla.kg/ksla_nauka/nauchno-metodicheskij-zhurnal-vestnik-kgyua/
8. **Тынаева, Н.Т.** Меры укрепления доверия и безопасности ШОС с ООН, ОБСЕ и ОДКБ [Текст] / Н.Т. Тынаева // Modern Science.– 2019. Выпуск № 12.– С. 421-425. URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=41513000
9. **Тынаева, Н.Т.** Индия и Пакистан как новые члены ШОС: международно-правовой аспект [Текст] / Н.Т. Тынаева // //Вестник Евразийской академии административных наук. Волгоград, 2020.№4 (53).- С.118-121. URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44689992
10. **Тынаева, Н.Т.** Международно-правовые аспекты регулирования культурно-гуманитарного сотрудничества в рамках ШОС [Текст] / Н.Т. Тынаева // Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана, 2020г. - №12. С. 159-162. URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=45653827
11. **Тынаева, Н.Т.**, Алибаева, Г.А. Международно- правовые вопросы сотрудничества стран - членов ШОС в условиях пандемии (COVID 19) [Текст] / Н.Т. Тынаева // Евразийский юридический журнал. Москва, 2021. - №3 (154). С. 20-23. URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=45699004

**Тынаева Назгуль Талантбековнанын «Шанхай кызматташтык уюмунун макамы жана ишмердүүлүгү: эл аралык – укутук аспекти» диссертациянын темасында юридикалык илимдер кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн талапкер 12.00.10 – эл аралык укугу; европа укугунун адистиги боюнча жазылган диссертациялык изилдөө ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Шанхай кызматташтык уюму, «Шанхай сегизи», экономикалык кызматташтык, гуманитардык кызматташтык, маданий кызматташтык, коопсуздук боюнча кызматташтык, энергетика кызматташтыгы, эл аралык келишим, декларация, эл аралык укук.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** Шанхай Кызматташтык Уюмунун макамын жана ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мамилелер болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети** ШКУнун эл аралык уюм катары эл аралык укуктук макамын жана ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу эл аралык укуктук ченемдери.

**Диссертациялык иштин максаты** ШКУнун жаңы курамындагы макамынын жана ишмердүүлүгүнүн эл аралык укуктук аспектилерине ар тараптуу талдоо жүргүзүү, өнүгүү тенденцияларын аныктоо жана ШКУнун алкагында эл аралык мамилелерди өнүктүрүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору** диалектикалык таанып-билүү методу, жалпы илимий жана атайын таанып-билүү методдору, атап айтканда, талдоо жана синтез, системалуу-түзүмдүк, формалдуу-логикалык, салыштырма-укуктук, статистикалык ж.б. методдор болуп саналат.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы.** Бул илимий эмгек ШКУнун эки жаңы мүчөсү катары эл аралык регионалдык уюмдун иш-аракетинин макамын жана эл аралык укуктук аспектилерин ар тараптуу укуктук изилдөөгө жасалган биринчи аракет болуп саналат. Чогултулган маалыматтарды системалаштыруу, ШКУнун иштешинин ченемдик укуктук базасын жана ички уюштуруу механизмдерин, анын институционалдык өнүгүү процесстерин, «Шанхай сегизи» катары ШКУнун принциптерин жана ал түзгөн регионалдык кызматташтыктын жаңы моделинин өзгөчөлүктөрүн автор жанылык катары талдоого алды.

**Пайдалануу даражасы жана колдонуу чөйрөсү**. Диссертациядан алынган натыйжалардын практикалык мааниси көрсөтүлгөн жоболорду, материалдарды окуу процесстеринде эл аралык укук жана эл аралык уюмдардын укугу боюнча университеттерде лекцияларды окууда жана практикалык сабактарда өткөрүүдө колдонсо болот. Борбордук Азиянын заманбап көйгөйлөрү боюнча илимий изилдөөлөрдө жана тышкы иштер министрликтеринин практикалык иштеринде колдонсо болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Тынаевой Назгуль Талантбековны на тему: «Статус и деятельность Шанхайской организации сотрудничества: международно-правовой аспект» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.10 – международное право; европейское право.**


**Ключевые слова:** Шанхайская организация сотрудничества, гуманитарное сотрудничество, «Шанхайская восьмерка», экономическое сотрудничество, сотрудничество в сфере культуры, сотрудничество в области безопасности, сотрудничество в области энергетики, международные договоры, декларации, международное право.

**Объектом диссертационного исследования** отношения регулирующие статус и деятельность Шанхайской организации сотрудничества.

**Предмет диссертационного исследования** - являются нормы международного права регулирующие вопросы международно-правового статуса и деятельности ШОС как международной организации.

**Целью** диссертационного исследования является проведение комплексного анализа международно-правовых аспектов статуса и деятельности ШОС в новом составе, выявление тенденций развития и выработки рекомендаций и предложений, направленных на развитие международных отношений в рамках ШОС.

**Методами исследования** явились диалектический метод познания, общенаучные и специальные методы познания, в частности, анализ и синтез, системно-структурный, формально-логический, сравнительно-правовой, статистический и др.

**Полученные результаты и их новизна.** Научная новизна исследования определяется постановкой проблемы и рассмотрением круга вопросов, не являвшихся ранее предметом специального целостного научного анализа.

Данная научная работа является первой в своем роде попыткой комплексного правового исследования статуса и международно- правовых аспектов деятельности ШОС как международной региональной организации уже с двумя новыми членами ШОС. В ней предпринята систематизация имеющихся данных, анализ нормативно-правовой базы и внутриорганизационных механизмов функционирования ШОС, процессов ее институционального развития, исследованы принципы деятельности ШОС как «Большой восьмерки» и особенности формируемой ею новой модели регионального сотрудничества.

**Степень использования и область применения.** Практическая значимость полученных результатов заключается в том, что материалы представленной диссертации могут быть использованы в учебном процессе при чтении лекций и проведении семинарских занятий в вузах по международному праву и праву международных организаций.

## RESUME

**Tynaeva Nazgul Talantbekovna's dissertation on «Status and activities of the Shanghai Cooperation Organization: international legal aspects» for the degree of candidate of legal sciences in the specialty 12.00.10 - international law; european law**

**Keywords:** Shanghai Cooperation Organization, humanitarian cooperation, «Shanghai eight», economic cooperation, cultural cooperation, security cooperation, energy cooperation, international treaties, declarations, international law.

**The object of the dissertation research** is the relations regulating the status and activities of the Shanghai Cooperation Organization.

**The subject of the dissertation research** is the norms of international law regulating issues of the international legal status and activities of the SCO as an international organization.

**The purpose of the dissertation** research is to conduct a comprehensive analysis of the international legal aspects of the status and activities of the SCO in the new composition, to identify development trends and develop recommendations and proposals aimed at developing international relations within the SCO.

**Research methods:** the dialectical method of cognition, general scientific and special methods of cognition, in particular, analysis and synthesis, system-structural, formal-logical, comparative legal, statistical, etc.

**The results obtained and their novelty.** The scientific novelty of the research is determined by the formulation of the problem and the consideration of a range of issues that were not previously the subject of a special holistic scientific analysis.

This scientific work is the first of its kind attempt at a comprehensive legal study of the status and international legal aspects of the SCO's activities as an international regional organization already with two new members of the SCO. It undertook the systematization of available data, analysis of the regulatory framework and intra-organizational mechanisms of the SCO functioning, the processes of its institutional development, the principles of the SCO the features of the new model of regional cooperation it forms. The author also sees the novelty of the results obtained in the development of these questions.

**The degree of use and scope**. The practical significance of the results obtained lies in the fact that the materials of the presented dissertation can be used in the educational process when giving lectures and conducting seminars at universities on international law and the law of international organizations, and the conclusions drawn can be applied in scientific research on contemporary problems of the Central Asian region and in the practical work of foreign ministries.